| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIII кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 16-марты №192 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын X кезектеги сессиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы №139 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы, №243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобонун” 6-бөлүгүнө ылайык жана Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын 11.06.2025-жылдагы №01-8-1051 катынын негизинде, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын 2026-жылдын 12-мартындагы №01-7-770 сандуу катынын негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышындагы XIII кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын X кезектеги сессиясынын 2025-жылдын 26-ноябрындагы №139 токтомуна өзгөртүү киргизилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагынын асылдуулугу төмөн жайыттардан өздөштүрүүгө сурап келген жарандарга 3 гектардан 5 гектарга чейин ижарага берүүгө уруксаат берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу У.К.Тиленбаевага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**